**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI кезексиз сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №6/1 13-июнь 2025-жыл

**“Каарман айылынын тургуну Айбатиев Турсунбай Тургунбаевичтин өзүнө тиешелүү болгон жеке менчик 0,88 га жер аянтына жеке менчик мектеп куруу үчүн которууга (трансформациялоо) макулдук берүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-июлундагы “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү” №145- мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665 токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү” убактылуу жобонун талаптарына жана Мады айыл айыл аймагынын Каарман айылынын тургуну Т.Т.Айбатиевдин өзүнө тиешелүү жеке менчигиндеги № 415 контурундагы 0,88 га сугат айдоо жер аянтына жеке менчик мектеп куруу үчүн”Айыл чарба багытындагы жерлер” социалдык багыттагы “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которуу жөнүндөгү Мады айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Базиевдин маалыматын жана Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 11-мартындагы №64- буйругу менен түзүлгөн комиссия тарабынан 2025-жылдын 25-апрелиндеги оң корутундусунун негизинде Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Мады айыл өкмөтүнүн Каарман айылынын тургуну Т.Т.Айбатиевдин өзүнө тиешелүү жеке менчигиндеги Каарман айылында жайгашкан №415 контурундагы 0,88 га сугат айдоо жер аянтына жеке менчик мектеп куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” социалдык багыттагы “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которуу макулдук берилсин.
2. Мады айыл өкмөтүнүн Каарман айылынын тургунун Т.Т.Айбатиевге жеке менчик мектеп куруу үчүн керектүү иш кагаздарын даярдоого тийиштүү мыйзам талаптарын сактоо менен иш жүргүзүү жагы тапшырылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин “Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология, жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик мүлк, өнөр жай, курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал” боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ |
|---|---|---|

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI кезексиз сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №6/2 13-июнь 2025-жыл

**“Социализм айылындагы футбол аянтчасынын 1,80 га жер аянтынан 0,60 га жер аянтына бала бакча куруу үчүн бөлүүгө макулдук берүү жөнүндө”**

Социализм айылындагы футбол аянтчасынын 1,80 га жер аянтынан 0,60 га жер аянтын бала бакча куруу үчүн бөлүп берүү жөнүндөгү Мады айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Базиевдин маалыматын жана Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология, жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик, өнөр жай курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын 2025-жылдын 4-июнь отурумунун чечиминин негизинде Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Социализм айылындагы футбол аянтчасынын 1,80 га жер аянтынан 0,60 га жер аянтына бала бакча куруу үчүн бөлүүгө макулдук берилсин.
2. Мады айыл өкмөтүнүн башчысы Н.К.Алимбековго тиешелүү иш кагаздарын даярдоого тийиштүү мыйзам талаптарын сактоо менен иш жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин “Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология, жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик мүлк, өнөр жай, курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал” боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI кезексиз сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №6/3 13-июнь 2025-жыл

**"Тээке айылынындагы №22 Бегай Лапин кызы атындагы орто мектебинин 1,24 га жер аянтынан 0,45 га жер аянтына бала бакча куруу үчүн бөлүүгө макулдук берүү жөнүндө"**

Тээке айылындагы №22 Бегай Лапин кызы атындагы орто мектебинин 1,24 га жер аянтынан 0,45 га жер аянтын бала бакча куруу үчүн бөлүп берүү жөнүндөгү Мады айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Базиевдин маалыматын жана Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология, жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик, өнөр жай курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын 2025-жылдын 4-июнь отурумунун чечиминин негизинде Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Тээке айылындагы №22 Бегай Лапин кызы атындагы орто мектебинин 1,24 га жер аянтынан 0,45 га жер аянтына бала бакча куруу үчүн бөлүүгө макулдук берилсин.
2. Мады айыл өкмөтүнүн башчысы Н.К.Алимбековго тиешелүү иш кагаздарын даярдоого тийиштүү мыйзам талаптарын сактоо менен иш жүргүзүү жагы милдеттендирисин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин "Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология, жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик мүлк, өнөр жай, курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал" боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI кезексиз сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №6/4 13-июнь 2025-жыл

**“Учкун айылынын №17 контурундагы 0,60 га жер аянтын которуу (трансформациялоо) жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-июлундагы “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү” №145- мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665 токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү” убактылуу жобонун талаптарына жана Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 11-июнь №192 сандуу билдирүү катынын жана айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Базиевдин маалыматын Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1.Мады айыл өкмөтүнүн Учкун айылынын №17 контурдан 0,60 га жер аянтына өндүрүштүк ишкана куруу максатында “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка жерлер” категориясына которуу макулдук берилсин.
2.Мады айыл өкмөтүнүн башчысы Н.К.Алимбековго тиешелүү иш кагаздарын даярдоого тийиштүү мыйзам талаптарын сактоо менен иш жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.
3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин “Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология, жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик мүлк, өнөр жай, курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал” боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-СУУ РАЙОНУ**<br>**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br>**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ** |

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VI кезексиз сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №6/5 13-июнь 2025-жыл

**“Көчөгө ат коюу жөнүндө”**

Мады айыл аймагындагы Октябрь айылынын тургуну Аданов Кубатбектин арызынын жана Мыйзамдуулук, укук, тартипти сактоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын отурунун чечиминин, Кыргыз Республикасынын «Географиялык аталыштар жөнүндөгү» мыйзамынын 7–беренесин негиз кылып, Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагынын Октябрь айылындагы аты жок көчөгө **Кубатбек уулу Үсөндүн** ысымы ыйгарылсын**.**
2. Жаңыдан аталышка ээ болгон Октябрь айылындагы **Кубатбек уулу Үсөн** атындагы көчөгө көчө белгилерин жаздырып илдирүү, көчөнү жашылдандыруу, жолдорун оңдоо жана жарыктандыруу жагы жогорудагы ысымы ыйгарылган маркум **Кубатбек уулу Үсөндүн** жакын туугандарына милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук, укук, тартипти сактоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №7/1 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл аймагынын Каарман, Достук, Жоош , Чагыр, айылдарына шайлоо участка ачуу жөнүндө”**

“Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарды шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 13-беренесинин 4-бөлүгүнүн жана Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча комиссиясы тарабынан 2020-жылдын 20-январындагы № 4 токтому менен “Шайлоо округдарын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын башкаруу тартиби жөнүндө” жобонун негизинде Мады айыл аймагынын Каарман, Жоош, Чагыр, Достук айылдарына жаңы шайлоо участкасын ачуу максатында Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагынын Каарман, Достук, Жоош жана Чагыр айылдарында жаңы шайлоо участкаларын ачууга макулдук берилсин.
2. Жаңы ачылган шайлоо участкалары боюнча участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамы түзүлсүн. (тиркемеде көрсөтүлөт).
3. Жаңы түзүлгөн шайлоо участкаларын жана комиссия курамдарын Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясына бекитүүгө сунушталсын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө алуу жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук укук, тартипти сактоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ |
|---|---|---|

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

| Асан-Чек айылы | №7/2 | 25-июль 2025-жыл |
|---|---|---|

**“Кызматтык мамлекеттик ишканасы тарабынан жарандык абалын каттоо боюнча ыйгарым укуктарды айыл өкмөткө өткөрүп берүү боюнча келишимди бекитүү жөнүндө”**

Кызматтык мамлекеттик ишканасы тарабынан жарандык абалын каттоо боюнча ыйгарым укуктарды айыл өкмөткө өткөрүп берүү боюнча келишимди бекитүү боюнча Мады айыл өкмөтүнүн жооптуу катчы-орун басары С.Бороновдун маалыматын угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кызматтык мамлекеттик ишканасы менен Мады айыл өкмөтүнүн ортосунда жарандык абалын каттоо боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимди бекитилсин.

2. Мады айыл өкмөтүнүн жооптуу катчы-орун басары С.Бороновко аталган келишим боюнча тиешелүү иш кагаздарды мыйзам чегинде жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук укук, тартипти сактоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №7/3 25-июль 2025-жыл

**“№35 Лаглан орто мектебинин атын өзгөртүү жөнүндө”**

Мады айыл өкмөтүнө караштуу Лаглан айылындагы №35 Лаглан орто мектебинин атын өзгөртүү жөнүндө Лаглан айылынын тургуну Нуруев Замирбектин арызынын жана 2025-жылдын 22-майындагы жалып элдик жыйындын протоколунун негизинде Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагынын Лаглан айылындагы №35 Лаглан орто мектебинин атын Нуруев Тойгонбай деп өзгөртүүгө уруксат берилсин.
2. №35 Лаглан орто мектебинин атын Нуруев Тойгонбай деп өзгөртүү боюнча жогорку органдарга сунуш берүү жагы Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнөн суралсын.
3. Мектептин атын өзгөртүү үчүн мамлекеттик мекемелер менен мыйзамдуу иш алып баруу жагы мектеп директору Р.Осоевке милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук укук, тартипти сактоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №7/4 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылга түзүлгөн бюджетинин киреше-чыгашасы жана 6 айда аткарылышы боюнча маалыматы жөнүндө”**

Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылы түзүлгөн бюджетинин киреше-чыгашасы жана 6 айда аткарылышы боюнча Мады айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы М.Мырзабаевдин маалыматын угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын I жарым жылдыгындагы бюджетинин киреше-чыгашасынын аткарылышы боюнча маалыматы эске алынсын.
2. Мады айыл өкмөтүнүн бюджетинин 6 айда кирешелердин пландан ашыкча аткарылышынын негизинде 2800,0 миң сом, чыгаша бөлүгүнүн планга кошумча акча каражат киргизилсин (тиркеме тиркелет).
3. Айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысыа жылдын аягына чейин бюджетти толук жана натыйжалуу аткарылышын камсыз кылуу жагы милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин экономика, финансы, бюджет боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

Бекитемин
Башчы__________Т.Токтосунов
25.07.2025-жыл

**Чагашалардын жалпы жыйымы**

| Экономикал | Экономикалык классификация коду | Жыл | I-квартал | II-квартал | III-квартал | IV-квартал |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2111 | Эмгек акы | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 2121 | Социалдык фонд төгүмдөрү | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 2211 | Кызматтык иш сапарларына чыгымдар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 2212 | Байланыш кызматтар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 2213 | Ижара акы | 120,0 | 0,0 | 0,0 | 120,0 | 0,0 |
| 2214 | Транспорттук кызматтар | 200,0 | 0,0 | 0,0 | 200,0 | 0,0 |
| 2215 | Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу | 330,0 | 0,0 | 0,0 | 350,0 | 0,0 |
| 2218 | Тамак-аш азыктарын алуу | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 2221 | Мүлктү учурдагы оңдоо | 350,0 | 0,0 | 0,0 | 350,0 | 0,0 |
| 2222 | Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу | 417,0 | 0,0 | 0,0 | 417,0 | 0,0 |
| 2223 | Кийим буюмдарын жана башка формадагы жана атайын кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 2224 | Көмүр сатып алуу | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 2231 | Коммуналдык кызматтар | 275,0 | 0,0 | 0,0 | 275,0 | 0,0 |
| 2511 | Коммерциялык эмес ишканаларга субсидия | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 2721 | Элге социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 2824 | Резервдик фонддор | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 3111 | Имараттар жана курулуштар | 250,0 | 0,0 | 0,0 | 250,0 | 0,0 |
| 3112 | Машиналар жана камсыз кулуулар | 858,0 | 0,0 | 0,0 | 858,0 | 0,0 |
| 3113 | Башка негизги каражаттар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 3114 | Кредиттер, ссудалар жана насыялар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| | Жалпы | 2800,0 | 0,0 | 0,0 | 2800,0 | 0,0 |

ФЭБ башчы М.Мырзабаев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын токтому**

Асан-Чек айылы №7/5 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын 6 айда аткарылыган иштери боюнча айыл өкмөт башчынын отчету”**

Мады айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын 6 айда аткарылган иштери боюнча айыл өкмөт башчысынын отчетун угуп жана талкуулап чыгып, Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын I-жарым жылдыгындагы социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы боюнча айыл өкмөт башчысынын отчету канааттандырарлык деп табылсын.
2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө төраганын орун басары А.Сидиковго жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын токтому**

Асан-Чек айылы №7/6 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл өкмөтүнүн өзгөчө кырдаалдар боюнча адисинин маалыматы жөнүндө”**

Мады айыл өкмөтүнүн өзгөчө кырдаалдар боюнча адиси Р.Камбаровдун маалыматын угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл өкмөтүнүн өзгөчө кырдаалдар боюнча адиси тарабынан берилген маалымат эске алынсын.
2. Мады айыл аймагындагы өзгөчө кырдаалдарга даярдык көрүү, алдын алуу жана жоюу, ыкчам аракеттерди көрүү боюнча иш план иштеп чыгуу жана аны иш жүзүнө ашыруу жагы өзгөчө кырдаалдын боюнча адис Р.Камбаровго жуктөлсүн.
3. Өзгөчө кырдаалдар боюнча адис тарабынан квартал сайын маалымат берүү милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология,жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик, мүлк, өнөр жай, курулуш, транспорт, энергетика , өзгөчө кырдаал боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын токтому**

Асан-Чек айылы №7/7 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл өкмөтүнүн жер адистеринин жер мунапысы жана муниципалдык менчиктеги жерлердин, кыймылсыз мүлктөрдүн ижарага берилгендиги боюнча маалыматы жөнүндө”**

Мады айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Базиевдин жер мунапысы жана муниципалдык менчиктеги жерлердин, кыймылсыз мүлктөрдүн ижарага берилгендиги боюнча маалыматын угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл өкмөтүнүн жер адистеринин жер мунапысы жана муниципалдык менчиктеги жерлердин, кыймылсыз мүлктөрдүн ижарага берилгендиги боюнча маалыматы эске алынсын.

2. Мады айыл өкмөтүнүн жер адистерине:
- Муниципалдык менчиктеги мүлктөрдүн ачык негизде ижарага берилишин камсыз кылуу.
- Жерди же мүлктү пайдаланбаган же келишимди бузган ижарачылар менен келишимдерди токтотуу боюнча мыйзам чегинде чараларды көрүү тапшырылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология,жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик, мүлк, өнөр жай, курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын токтому**

Асан-Чек айылы №7/8 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 6 айга социалдык багытка бөлүнгөн акча каражатынын сарпталышы жана өткөрүлгөн иш чаралар тууралуу маалыматы жөнүндө”**

Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 6 айга социалдык багытка бөлүнгөн акча каражатынын сарпталышы жана өткөрүлгөн иш чаралар боюнча Мады айыл өкмөтүнүн социалдык бөлүмүнүн башкы адиси Н.Торобекованын маалыматын угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын I жарым жылдыгына карата социалдык багыт боюнча бөлүнгөн каражаттардын сарпталышы жана өткөрүлгөн иш-чаралар тууралуу маалыматы эске алынсын.
2. Жылдын экинчи жарымында да социалдык багытка бөлүнгөн каржатты максаттуу, натыйжалуу жана ачык-айкын колдонуу, калктын социалдык көйгөйлөрүн аныктап, аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана жаштар үчүн программаларын иштеп чыгып, аткарууга алуу жагы социалдык бөлүмүнүн башкы адиси Н.Торобековага жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин жаштар иштери, спорт, маданият,билим, социалдык маселелер боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ |
|---|---|---|

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын токтому**

Асан-Чек айылы №7/9 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл өкмөтүнүн салык адистеринин салык жыйымы боюнча маалыматы жөнүндө”**

Мады айыл өкмөтүнүн салык адистеринин 2025-жылдын 6 айда чогултулган салыктар жана төлөмдөр боюнча берген маалыматын Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Мады айыл өкмөтүнүн салык адистеринин 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы салык жыйымдары боюнча маалыматы эске алынсын.
2. Айыл өкмөтүнүн салык адистерине:
- Салык жыйымдарын пландалган көлөмдө камсыз кылуу боюнча иштерди күчөтүү.
- Салык төлөөчүлөргө түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүү.
- Салык төлөбөй жаткан жарандар жана уюмдар боюнча тиешелүү мыйзам чегинде чараларды көрүү тапшырылсын.
3. Бул токтомду аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы экономика, финансы, бюджет боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-СУУ РАЙОНУ**<br>**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br>**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ** |

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын токтому**

Асан-Чек айылы №7/10 25-июль 2025-жыл

**“Жергиликтүү салыктын кээ бир түрлөрүнө жана айыл чарба багытындагы эмес жер салыгынын зоналдык коэффициентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”**

Мады айыл өкмөтүнүн башчысынын 2025-жылдын 11-июнунда жазган салыктын кээ бир түрлөрүн жана айыл чарба багындагы эмес жер салыгынын зоналдык коэффициентин 1,5 көтөрүү боюнча жазган сунуш катынын, Салык кодлексинин 488-беренесинин негизинде экономика финансы, бюджет боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Мойдиновдун жана салык адиси Г.Маматованын билдирүүсүн угуп талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагында тамарка короо жайларын жана дачалык жер учаскаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы 30 сом, таштандыларды ташып чыгуу жыйымдары үчүн 20 сом өлчөмүндө төлөмдөр белгиленсин.
2. Мады айыл аймагындагы жалпы айылдардын Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгынын зоналдык коэффициенти 1,5 ке бекитилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин экономика финансы, бюджет боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын токтому**

Асан-Чек айылы №7/11 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл аймагындагы Айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондунун жерлерин иштеткен ижарачылардын ижара акыларынын төлөмдөрү боюнча маалыматы жөнүндө”**

Мады айыл аймагындагы айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондунун жерлерин иштеткен ижарачылардын ижара акыларынын төлөмдөрү боюнча К.Абдимуталиповдун берген маалыматын угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагындагы айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондунун жерлерин иштеткен ижарачылардын ижара акыларынын төлөмдөрү боюнча К.Абдимуталиповдун маалыматы эске алынсын.
2. Мады айыл өкмөтүнүн башчысына ижара акыларынын төлөнүшү боюнча квартал сайын анализдеп, мониторинг жүргүзүү жана ижара акысын убагында төлөбөгөн ижарачыларга карата мыйзам чегинде чараларды көрүү (эскертүү берүү, келишимди токтотуу ) жагы милдеттендирилсин.
3. Ижара акысынын түшүүсү боюнча ай сайын мониторинг жүргүзүү жана квартал сайын айылдык кеңешке маалымат берип туруу тапшырылсын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология, жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик, мүлк, өнөр жай, курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №7/12 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл аймагына караштуу Социализм айылындагы Сай көчөсүн капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү үчүн асфальт төшөөгө уруксат берүү жөнүндө”**

Мады айыл аймагына караштуу Социализм айылындагы Сай көчөсүн капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү үчүн 1150 метр аралыгына асфальт төшөө үчүн айылдык кеңешинин депутаты Мойдинов Зарипбектин маалыматын угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагына караштуу Социализм айылынын Сай көчөсүнө 1150 метр аралыгына асфальт төшөөгө макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын жана Сай көчөсүнүн чек араларын тактоо мыйзам чегинде жүргүзүү жагы айыл өкмөт башчы Т.Т.Токтосуновко жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөгө алуу жагы айылдык кеңештин инвестициялар ишкердик, соода жана тышкы экономикалык байланыштар коомдук уюмдар менен иштөө боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №7/13 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл аймагына караштуу “Шайыр” балдар бакчасынын филиалын, “Ханбийке” балдар бакчасына кошумча тайпа ачуу жөнүндө жана Кызыл-Тал айылынын тургуну Акматова Уларкандын үйүнө бала бакча ачууга урук берүү жөнүндө”**

Мады айыл аймагына караштуу “Шайыр” балдар бакчасынын филиалын, “Ханбийке” балдар бакчасына кошумча тайпа ачуу жөнүндө жана Мады айыл өкмөт башчысынын 2025-жылдын 11-июнь №193 сандуу билдирүү катында Кызыл-Тал айылынын тургуну Акматова Уларкандын үйүнө бала бакча ачууга урук берүү жөнүндө айылдык кеңештин Жаштар иштери, спорт , маданият, билим, социалдык маселелер жана Мыйзамдуулук укук, тартипти сактоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча депутаттык туруктуу комиссиялардын 2025-жылдын 18-июль кошмо отурумунда каралып, комиссиялар тарабынан жеринен таанышуу жана талдоо жүргүзүлүп, тиешелүү чечим кабыл алынгандыгы жөнүндо туруктуу комиссиянын төрайымы Ө.Каликулова маалыматын угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ханбийке балдар бакчасына кошумча тайпа ачылбасын жана учурдагы кенже тайпасын жабылсын деп сунушталсын.
2. Шайыр балдар бакчасынын филиалын ачууга уруксат берилбесин.
3. Кызыл-Тал айылынын тургуну Акматова Уларкандын үйүнө мамлекеттик бала бакча ачууга уруксат берилбесин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин Жаштар иштери, спорт , маданият, билим, социалдык маселелер жана Мыйзамдуулук укук, тартипти сактоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча депутаттык туруктуу комиссияларга жүктөлсүн.

**Төрага К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VII кезектеги сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №7/14 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл аймагына караштуу Кыргыз-Чек айылынын Назир уулу Байыш көчөсүнө тратуар курууга макулдук берүү жөнүндө”**

Мады айыл өкмөтүнүн Кыргыз-Чек айылынын Назир уулу Байыш көчөсүнө тратуар курууга макулдук берүү жөнүндө айылдык кеңештин төрагасы К.Темирбаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагына караштуу Кыргыз-Чек айылынын Назир уулу Байыш көчөсүнө 1050 метр аралыгына тратуар курууга макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын жана Назир уулу Байыш көчөсүнүн чек араларын тактоо мыйзам чегинде жүргүзүү жагы айыл өкмөт башчы Т.Т.Токтосуновко жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

**Төрага К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VIII кезексиз сессиясынын токтому**

Асан-Чек айылы №8/1 25-июль 2025-жыл

**“Мады айыл өкмөтүнө техника алуу жөнүндө”**

Мады айыл аймагынын айыл өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 7-июлундагы №633 тескемесинин негизинде “Мамлекеттик лизинг компаниясы” тарабынан лизингке “Шевролет-треккер” кызматтык автоунаа сатып алуу жөнүндө айыл өкмөт башчы Т.Т.Токтосуновдун маалыматын угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл өкмөтүнө “Мамлекеттик лизинг компаниясы” тарабынан лизингке “Шевролет-треккер” кызматтык автоунаа алынсын.
2. Алынган автоунааларды лизинг бүткүл мезгилине камсыздандыруу жана лизингке алынган техникаларды өз эсебинен башка чыгашалардын акча каражаты каралсын.
3. Кызматтык автоунаанын төлөмдөрүн 5 жыл аралыгында төлөө жагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл өкмөтүнүн бюджетинен төлөнүп берилсин.
4. “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана келишимден келип чыгуучу башка документтерге кол коюу укугу айыл өкмөтүнүн башчысы Токтосунов Тагдырбек Токтосуновичке милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин экономика, финансы, бюджет боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**